АБДУБАЛИЕВА Б. Ж.,

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

## ЫРАКАТ ТАРТУУЛАГАН КИТЕП

*Макалада Үсөнбек Асаналиевдин «Аалымдарга азил арноо» аттуу китебине кыскача пикир айтылган.*

Адабият чөйрөсүндө күн санап ар кыл өңүттөгү чыгармалар жарыкка чыгып, окурмандарга сунушталып келет. Ошол жарык көргөн китеп ээлери же ак, же көк деген пикир укпай, коомчулуктун көңүл сыртында калган учурлар өтө эле арбын. Сөз кылып, пикир айтууга татыктуу чыгармалар көз жаздымында калса, андай авторлорго ыңгайсыз жагдайлар болору белгилүү. Кандай гана калемгер болбосун, адал эмгек, ак күчүн берген чыгармасына жылуу пикир, сын көз караш угуу – андан аркы чыгармачылыгына күч, дем берери турган иш.

Үсөнбек Асаналиевдин бай мурасына, учкул сөздөрүнө, лирикалык ырларына, рубаилерине айрым окумуштуу, жазуучулар тарабынан учкай гана пикирлер айтылып, чыгармачылык бейнесине терең иликтөөлөр жүргүзүлө элек. Анын ар тараптуу чыгармачылыгын биз талдоого албасак да, келечекте кеңири планда иликтөөгө алынары шексиз.

Сөздөр менен акылдашам, сырдашам,

Бирде илим, бирде аңгеме, ыр жазам.

Кантип, кандай ыйман күтөт элем мен,

Алла менен сөзгө таазим кылбасам, - деп, Алла менен сөз кудуретин катар койгон Үсөнбек Асаналиев «Аалымдарга азил арноо» (Каракол, 2010) аттуу китеби жарыкка чыкканы үч жылдын жүзү болду. Аталган китеп Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин 70 жылдыгына арналып, анда иштеген кызматкерлерге арноо азилдер жазылган. Китептин баш сөзүндө: «Баарыбыз – Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин студент-терине билим, тарбия-таалим берген адис адамдарбыз. Бир топ жылдар бирге эмгектенген соң, бири-бирибизди терең болбосо да, аздыр-көптүр түзүк эле билишебиз го деп ойлойм.

Жыл жаңырганда эмнегедир жөн турбай, бир-эки жолдошко азил шилтей салсам, аны артынан ар кимиси: «Мени да кошо жазсаң?» - деп суранып жаткансып өзүнөн өзү эле улам арбып, бир дем менен бир далай азил арноо жазылып калды, өзүм да таңыркай түштүм, кошумчаладым. Ошентип, өзүңөрдү өзүңөргө жаман-жакшы көрсөңөр да сунуштап отурам.

Азилде ачуу-таттуу, катуу-жумшак, орой-сылык, куудул-куйкум, чымчымай-чычалатмай д.у.с. күтүлбөгөн жагдайлар камыр-жумур болуп, жуурулушуп кетип калмайы болот экен. Ашык кетсем, ачууланбай, сабыр токтотуп, бөксөсү болсо, толукка

окшотуп, кабыл алып коюңуздар. Баарыңарды баалайм, кадырлайм. Камтылбай калгандар таарынбагыла! Алдыда өмүр тозбосо, ай бар, жыл бар. Алла азил тамашадан айырбасын. Бул китепти көргөн кийинки муун: «Ушул учурда ушундай адамдар бирге иштешкен экен» деген ойдо калса, жаман боло койбос. Бүгүндүн эртеңи бар.

Көңүлүңөр куунак, өмүрүңөр узак болсун, аруу замандаштарым!» - деп аздек тилегин билдирет автор.

Табият тартуулаган жогорку маданияты, жөнөкөйлүгү, улуунун да, кичүүнүн да көңүлүн оорутпаган аяр мамилеси автордун кесиптештерине арнаган ыр саптарынан даана байкалат. Кимдин гана болбосун бейнесин ачып берүүдө орой, одоно сөзү жок, орду менен жылуу юмор, каалоо, тилек коштолуп, шакирттерине алдыга умтулууга, илимге баш–оту менен берилүүгө, талбай эмгек кылууга чакырса, замандаш курдаштарына жарашыктуу куйкум сөздөрдү төп келишип жазылганы акындын терең психолог экендигин айгинелейт.

Сөзүм кургак болбос үчүн айрым мисалдарга токтолоюн:

Карасаң Аман Саспаны,

Камгактай жеңил басканы.

Сары алтын далай эмгекти

Салмактуу жазып таштады.

Кытай, казак, уйгурдун,

Түштөрүн жоруп катырган.

Мынча көп тилди башына,

Билбеймин кантип батырган.

Бөлөгүн бөлүп салсак да,

«Сөздүгү» чакан араба.

Бааланбай бирок жүргөнү,

Башыңды салат санаага.

Автор замандашынын таланты, эмгеги бааланбай, «Эл жазуучусу» наамын ала электиги санаага салаарын үч куплет ырына сыйдырып, азили дагы, каалоосу дагы төп келишип турганына таң бересиң.

Терең акылман, жанда жок чечен, даанышман сөздөрдү куюлуштура айта билген, үзөңгүлөш жан жолдошу, таланттуу окумуштуу Акеш Имановго төмөнкү ыр саптарын

арнаган:

Кызыл тилин кайраган,

Кызый-кызый сайраган.

Узун сабак сөздөрүн,

Уккуң келет кайрадан.

Оозун ачса таң калтып,

Ойго салат дүрбөлөң.

Мындай сөзмөр чеченди,

Табуу кыйын дүйнөдөн.

Улуу сөздөн баштаса,

Уласа деп турасың.

Эзип куят башыңа,

Эскилердин мурасын.

Айрым арноо азилдерди окуганыбызда ошол адамдын кебете-кешпири толук көзгө элестеп, жүзүбүздө жагымдуу күлкү ойноп, жүрөгүбүздө жылуулук пайда болот.

Төрт чарчы келген поруму,

Жигиттин бу да сонуну.

Ар кимге жагат жаркылдап,

Жайдары жүргөн жоругу.

Илимдин ири устаты,

Жаштарга жуккан нускасы.

Жаңылык ойлоп табуунун,

Беделдүү, белдүү туткасы.

Кайратттуу, калың чачтары,

Жайында кабак, каштары.

Тулкусун көрүп жаратып,

Туйгун го дейсиң таптагы, - деп Урсеитов Орозбек агайга элестүү ыр саптарын арнаган.

Ал эми Мааткеримов Нурсапар агайга арнаган азил ырында каалоо-тилеги да, тамашасы да жарашып, анын табиятын даана туюп, ачык маанайда жазылышы окурмандардын көңүлүн бир көтөрүп алат:

Жер менен көктөй айырма,

Бөлүп турса арасын.

«Жарак» десе, «арак» деп,

Жаңылыш угуп аласың.

Көрүнүктүү физиксиң,

Көбүнөн кыйла бийиксиң.

Эл аралык уюмга,

Член-корр болуп кирипсиң.

Аракет кылсаң озорсуң,

Алыска колду созорсуң.

Атагың чыгып, а балким,

Академик да болорсуң.

Албетте, мындай жүрөктөн чыккан арноо азилдердин баарына токтолуп отуруунун зарылчылыгы жок. Арноо ырларынын ар биринде чындык менен азил айкалышып тургандыгын жогорудагы фактылар далилдеп турат.

Китеп чыгаруу маселесин чечпей туруп, башка проблемаларды айтуу мүмкүн эмес. Биз сөз кылып жаткан китептин чыгарылышына токтолсом, ал жогорку сапаттагы кагазга басылып, кесиптештеринин кыскача өмүр баяны, түстүү сүрөтү менен берилип, даражасына, жашына, билимине карабастан, алфавиттик тартипте жайгашкан.

Бул китеп – университетибиздин тарыхындагы кесиптештердин бейнесин ачып берүүдөгү азили да, каалоосу да жазылган алгачкы саамалык.

Үч куплет ырга адам баласынын жан дүйнөсүн, эмгегин, жүрүм-турумун толук чагылдырып, сыйдырып берүү мүмкүн эмес. Бирок автор сөзгө чеберлиги, кылдат, тапкыч

туюму, өтө сезимталдыгы менен ар бир кесиптешинин өмүрүндөгү, мүнөзүндөгү урунттуу өзгөчөлүктөрүн таба билип, таасын чагылдырган.

Жыйынтыктап айтканда, Үсөнбек Асаналиевдин бул китебин окуган адам куюлуштуруп, көркөм туюм менен коштолуп жазылган ырлардан ырахат алып, окумуштуулар жөнүндө кыскача болсо да маалымат алат. Турмуш чындыгын таамай, элестүү жазган акын, агай, бактылуу өмүр сүрүп, узак жашаңыз!

Адабияттар:

1. Асаналиев Ү. Аалымдарга азил арноо. -Каракол, 2010.